**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXVIII чакырылышынын**
**Кезектеги № 07- сессиясы**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**№ 07 очередной сессии**
**XXVIII созыва**

---

**2021-жылдын 29-сентябры , № 28** **Даркан айылы**

# Т О К Т О М У

**Жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу аймак уюштуруу жөнүндө**

«Ак куу ордосу» коомдук бирикмесинин Даркан аймагындагы өкүлү Н.Исмаиловдун кайрылуусу менен таанышып , талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 8- майындагы №18 «Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндөгү» мыйзамынын негизинде Даркан айыл аймагынын Кара-Көл өрөөнүнө Жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу аймак уюштурууга уруксаат берилсин.
2. Кара-Көл өрөөнүнө Жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу аймак уюштурууга тиешелүү мекеме-уюмдар менен макулдашып иш кагаздарын берүү айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго милдеттендирилсин.
3. Кара-Көл өрөөнүндөгү 56 –контурдагы 1 (бир) га жер тилкесиндеги мыйзамсыз уюштурулган карьердин орду муз аянтчасын курууга убактылуу Н.Исмаиловго бекитилип берилсин.
4. №54,36 –контурдагы жер тилкесиндеги Кара-Көлдөн агып чыккан сууга балык өстүрүү үчүн убактылуу Н.Исмаиловго уруксаат берилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл чарба,жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрагасы** **Б.Муканбетов**